**Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин ОкумуштуууларКенешинин 2021-жылдын апрель айына пландаштыргылган № жыйынында «Котормочулук практиканын учурдагы абалы, көйгөйлөрү жана чечүү жолдору” 531100-Лингвистика” бакалавр баскычы боюнча маалыматы**

Ош МУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин Лингвистика багытында практиканын 3түрү өткөрүлөт.

1. ***Окуп - таанышуу практикасы***. 3- курс 3 кредит 90 саат
2. ***Өндүрүштүк практикасы*** 3-курс 6 кредит 180 саат
3. **Профилдик практика** 4-курс 6кредит 180 саат

Практикаларды уюштуруу, өткөрүү жана көзөмөлдөө боюнча ОшМунун № 24- жобосунун негизинде уюштурулат.
Окуу процессинин графиги боюнча алдын ала практика үчүн буйруктар чыгарылган:

***Окуп - таанышуу практикасы***. 3-курстун студенттери (163 студент) 2020-жылдын 9-ноябрьдан 21-ноябрьга чейин, 2 жума (буйрук № 1093-О, 12.11.20) шаарындагы эл аралык мекемелерде, бейөкмөт уюмдарда, турфирмаларда практика өтүштү.

***Профильдик практика.*** 4 курстун студенттери (93 студент) гибриддик (онлайн жана оффлайн формада) санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо менен практика өтүштү, 2020-жылдын 2-ноябрьдан 28-ноябрьга чейин чейин, 4 жума (бурук № 903-О 02.11.2020) Ош шаарындагы эл аралык мекемелерде, бейөкмөт уюмдарда, турфирмаларда практика өтүштү.
Практикаларга билдирүү жана буйруктар онлайн формада даярдалып, кадрлар бөлүмүнө mail.oshsu.kg жана WhatsApp аркылуу жөнөтүлүп, чыгарылды. Студенттерге Zoom платформасы аркылуу практиканын башында инструктаж берүүчү жана практика аяктагандан кийин жыйынтыктоочу конференциялар уюштурулуп өткөрүлгөн. Ар бир буйрук графикке дал келет жана өзүнчө папкада сакталат. Ар бир практиканын түрүнө жараша практиканын отчеттору өз-өзүнчө папкаларда сакталган.
Ар бир практиканын түрү боюнча жумушчу программа, силлабустар, күндөлүктөр өз убагында толтурулуп, баалар ведомостко жана AVN программасына коюлган.

***Өндүрүштүк практикасы***. 3-курстун студенттери (149 студент) окуу графигине ылайык практиканы 2021- ж апрелдин 5- майдын 1 чейин, 4 жума (№ 1256-О/21, 05.04.21 ) шаарындагы эл аралык мекемелерде, бейөкмөт уюмдарда, турфирмаларда оффлайн формада санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо менен практика өтүштү.

**2.НББПнын кутулуучу натыйжаларындагы компетенциялардын практика учурунда калыптанышы.**

Ар бир практиканын туруно жараша окутуунун кутулуучу натыйжаларындагы компетенциялар калыптанат.

***Окуп - таанышуу практикасында КН-6 калыптандырылат.***

**КН-6:**Жалпы жана кесиптик чөйрөдө маданияттар аралык баарлашууда билимдерин жана көндүмдөрүн интеграциялайт. (**СЛК-1,ПК-3,15,16, 17, 29).**

***Өндүрүштүк практикасы*нда КН-4 калыптандырылат.**

Жалпы, маданияттар аралык жана кесиптик чөйрөлөрундөжазуу жана оозеки котормонун алдыңкы методдорун жана ыкмаларын колдонот(**ПК- 4, 5, 6,7,9,10, 12, 13,14, 27)**

***Профильдик практикасы*нда КН-7 калыптандырылат.**

**КН-7:**Илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнүн негиздерин билет жана изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик маселелерди чечүүдө колдонот(**ОК-4,6, ПК-8,19, 25,26).**

4. **Квалификациялык иштердин практикада апробацияланышы жана илимий макалалардын жарык көрүүсү.**

Квалификациялык иштеринин аткарылышы боюнча стейкхолдерлер жана профессордук - окутуучулук курам менен биргеликте талкуулар жыл сайын өткөрүлүп турат.

Квалификациялык иштеринин темалары, сапаты, актуалдуулугу, жаңылыгы, алардын прикладдык мааниси каралып, кафедранын жыйынында талкууланып, студенттерге профилдик практикага чыгаардан мурда берилип, бекитилет. Апрель айынын Илим жумалыгында кваликациялык иштердин алдын ала корголушу кафедра тарабынан пландаштырылып, уюштурулат жана анын жыйынтыгында студенттердин эн мыкты деп табылган макалалары ОшМунун жарчысында басмадан чыгарылат.Мисалы, Турсунов Алишер жана Саипова Айдананын макалалары жарык көргөн.

**5. Практиканы уюштуруу, өткөрүү жана баалоодо маалымат технологиялардын эффективдуу колодонулушу жана вебсайтта чагылдырылышы**

Практика учурунда, студенттердин ишмердүүлүгү WhatsApp, Zoom, видеовызов, электрондук почта аркылуу текшерилип турду жана Инстаграмм (osu.translators), Фейсбук (osu.translators), www.oshsu.kgбаракчаларында баары чагылдырылып, көрсөтүлгөн.
Практиканы уюштурууда баалоо каражаттары кутулуучу натыйжаларга ылайыкташтырылып тузулгон жана эффективдуу колдонулуп, баалар журналдарга, ведомостко жана AVN программасына коюлат.

**6. Стейкхолдерлердин сунуштары аркылуу окуу планына киргизилген жаны курстар жана дисциплиналар**

Практиканын жыйынтыгы боюнча жыл сайын, стейкхолделер менен биргеликте чоң маштабтуу оффлайн жана онлайн конференциялар уюштурулат.Конференцияга мекемелердин, фирмалардын өкүлдөрү менен бирге дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин практика жетекчилери, окутуучулары жана студенттери да катышат. Студенттердин практика убагында иш чаралардын натыйжалары көрсөтүлөт жана анализделинип, талкууланат. Студенттерден жана стейкхоолдерлерден алынган сурамжылоого анализ берилип, жогорку окуу жайы менен мекемелердин ортосундагы карым-катнашты бекемдөө жана билим беруунун сапатын жогорулатуу максатында НБППга стейкхолдерлердин сунушунун негизинде өзгөртуулөр киргизилде. 2020-2021-окуу жылдан баштап өндүрүштүк практикасы эки жуманын ордуна төрт жумага узартылды.
Акыркы жылдары кызыкдар тараптар менен жолугушуулар көп өткөрүлүп, анда КН жана окуу программаларынын компетенциялары талкууланып, сапаттуу билим алууга багытталып, элективдүү курстардан улам сааттардын көбөйүшү тандоо эркиндигин камсыз кылды. Мисалга алсак гид котормочу, синхрондук котормо, аудирование, TOEFLжанабашкалар.Элективдүү курсун киргизүүнүн максаты студенттердин тил чөйрөсүндө лингвистикалык жана коммуникативдик чет тилдик жана котормочудук компетенттүүлүгүн калыптандыруу, ошондой эле социалдык жана профессионалдык мазмундагы коммуникативдик милдеттерди чечүүгө негизделген чет тилинде натыйжалуу байланышты ишке ашыруу. Бул курстар котормодо коммуникативдик мамиленин негизинде иштелип чыккан, демек студенттердин окуган материалдарын кесиптик ишмердүүлүктө колдоно билүү керек.

**7. Практиканын базасын кенейтуу боюнча иш аракеттер**

Практиканын базасын кенейтүү боюнча байма бай иш аракеттер журуп турат. Ар практиканын алдында Ош шаарында жаныдан ачылган эл аралык жана бейөкмөт уюмдар,мекемелер менен келишимдер жаңыланып, кайрадан тузулөт.Төмөндөгү аталган фирмалар менен практиканы өтөө жөнүндө келишимдер бар(жалпы 35 келишим) жана эки тараптар тең кол коюлган келишим, буйруктар өз убагында чыгып практикага график боюнча чыгууда:
Кызыл жарым ай коому, Smile kg, ЭлТР КТРК, ОшТВ, American corner, Тур. Фирма «Авантия», Турфирма «СВТ Alai», Фонд «Агахан», Интербилим, Munduz Tourist, Youth of Osh, Education for All, ж.б.

**Даярдаган: Ибраимова С.Ч.**